DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Ырысбекова Б.Д.*

## АДАМДАРДЫ УУРДОО МЕНЕН АЛЕК БОЛГОН УЮШУЛГАН КЫЛМЫШТЫК ТҮЗҮМДӨРДҮН ИШТӨӨСҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Ырысбекова Б.Д.*

## ОСОБЕННОСТИ ФУНКЦИОНИРОВАНИЯ ОРГАНИЗОВАННЫХ ПРЕСТУПНЫХ ФОРМИРОВАНИЙ СПЕЦИАЛИЗИРУЮЩИХСЯ НА ПОХИЩЕНИИ ЛЮДЕЙ

*B.D. Yrysbekova*

## FEATURES OF THE FUNCTIONING OF ORGANIZED CRIMINAL FORMATIONS SPECIALIZING IN THE ABDUCTION OF PEOPLE

*УДК: 343. 918.1/971.73*

*Макалада адам уурдоо алардын негизги криминалдык ишмердүүлүгүнүн багыттарынын бири болгон уюшулган кылмыштык түзүмдөрдүн иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрү чагылдырылып, иштердин бул категориясы боюнча тергөөнүн жеке методикасын иштеп чыгуу үчүн базалык элемент болуп саналат. Коюлган максатка жетүү үчүн эмгекте уюшулган кылмыштык түзүмдүн курамдуу элементтерине ылайык анын криминалистикалык мүнөздөмөсүнүн төмөнкү өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн: кылмыштык түзүмдүн психологиялык функционалдык түзүмүнүн өзгөчөлүктөрү; кылмыштык түзүмдүн кошо катышуучуларынын ортосундагы инсандар аралык мамилелердин өзгөчөлүктөрү; кылмыштык чынжырдагы аткарган ролуна жараша кылмышкердин өздүгүнүн криминалистикалык-криминологиялык мүнөздөмөсү; мындай топтордун иштөөсүнүн системасы жана кылмыштык топтордун иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрүнө таасирин тийгизген заманбап тенденциялар чагылдырылган. Изилдөөнүн жыйынтыктары адам уурдоо түзгөн мындай социалдык көрүнүшкө каршылык көрсөтүүнүн натыйжалуулугун көтөрүүгө мүмкүнчүлүк жаратат.*

***Негизги сөздөр:*** *адам уурдоо, мүнөздөмөлөрү, кылмыш-түзүмдөрү, тенденциялары, өзгөчөлүгү, натыйжалуулугу, каршы аракеттенүү, кылмыш иш.*

*В статье отражена специфика функционирования организованных преступных формирований, для которых похищение людей является одним из основных направлений криминальной деятельности, что является базовым элементом для разработки частной методики расследования по данной категории дел. Для достижения поставленной цели в работе представлены особенности криминалистической характеристики организованных преступных формирований, исходя из ряда его образующих ее структурных элементов: специфики психолого-функциональной структуры преступного формирования; специфики межличностных отношений между соучастниками преступных формирований; криминолого-криминалистическая характеристика личности преступника, исходя из выполняемой ими роли в преступной цепи; система функционирования таких групп и отражены современные тенденции оказывающие влияние на специфику формирования преступных групп. Результаты исследования, позволяют повысить эффективность противодействия такому социальному явлению как похищение человека*

***Ключевые слова:*** *похищение человека, характеристика, преступные формирования, тенденции, специфика, эффективность, противодействие, криминальная деятельность*

*The article reflects the specifics of the functioning of organized criminal formations, for which the abduction of people is one of the main directions of criminal activity, which is a basic element for developing a private investigation methodology for this category of affairs. To achieve the goal in the work, the features of the forensic characteristics of organized criminal formations are presented, based on a number of it forming its structural elements: the specifics of the psychological and functional structure of criminal formation; the specifics of interpersonal relations between the accomplices of criminal formations; Criminal and forensic characteristics of the personality of the criminal, based on their roles in the criminal chain; The functioning system of such groups and reflects modern trends affecting the specifics of the formation of criminal groups. The results of the study allow you to increase the effectiveness of countering such social phenomenon as a kidnapping of a person.*

***Key words:*** *human abduction, characteristics, criminal formations, trends, specificity, efficiency, counteraction, criminal activity.*

Уюшулган түзүмдөр активдүү катышкан кооптуу чөйрөлөрдүн бири болуп адам уурдо эсептелет, анткени ал көп учурда мамлекеттин чегинен сыртка чыгат жана жалпысынан коомдогу жана өлкөдөгү коопсуздукка коркунуч жаратат. Бул тууралуу казак окумуштуусу М.Усербаев жүргүзгөн диссертациялык изилдөөсү тастыктайт [1].

Коюлган маселелерди чечүү үчүн мындай кооптуу социалдык көрүнүш болгон адам уурдоого каршылык көрсөтүүнүн жолдорун иштеп чыгуу маанилүү, анткени бул жерде жеке методиканы иштеп чыгуу жана жакшыртуу маанилүү ролун ойнойт. Албетте, «... тергөөчүлүк жана соттук тажрыйба криминалистикалык методиканын жалпы жоболорунун негизги принциптерин эске алуу менен кылмыштардын кээ бир түрлөрүнүн (топторунун) тергелүүсүнүн жеке методикасын андан ары жакшыртууда гана жазык-процессуалдык мыйзам чыгаруучулук аныкталган маселелерди натыйжалуу чечилүүсүнүн мүмкүн экендигин тастыктайт. Ушунун баары окумуштуу криминалисттерден жеке методиканын иштелүүсүнүн теоретикалык базасын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк жараткан криминалистиканын негиз салуучу көйгөйлөрүн терең изилденүүсүн талап кылат. Бул тергелүүсүнүн методикасы такыр жок же жетиштүү түрдө терең изилденбеген кылмыштар тууралуу кеп болгон өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Ошого байланыштуу алардын криминалистикалык мүнөздөмөсүн жана анын түзүмүн аныктоо зарылчылыгы келип чыгат» [3, 30-б.].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Каралып жакан учурда окумуштуу криминалисттердин жалпысынан кылмыштардын криминалистикалык мүнөздөмөсүнө (мындан кийин – ККМ) көп көңүл бөлүнөт. Бул логикага ылайык, анткени «...ККМдин кылмыштардын кээ бир түрлөрүнүн тергелүүсүнүн методикасы үчүн мааниси төмөнкүдө. Биринчиден, кылмыштардын бул түрүн даярдоонун, жасалуусунун жана жашырылуусунун типтүү өзгөчөлүктөрүн ачыктоо менен криминалистикалык мүнөздөмө алардын ачыкталуусунун натыйжалуу тактикалык приемдорун жана техникалык каражаттарын табууга жардам көрсөтөт. Экинчиден, ал криминалдык тажрыйбадага өзгөрүүлөрдүн тенденциялары тууралуу маалыматтарын булагы болуп эсептелет. Бул маалыматтар кылмыштардын тергелүүсүн уюштурууда жана пландаштырууда ийгиликтүү колдонулат ана тергөө версияларын иштеп чыгууда өзгөчө маанилүү. Үүнчүдөн, ал тергөөнүн негизги багыттарын аныктайт» [3, 138-б.].

Мындай учурда ККМдин элементи болгон уюшулган кылмыштык түзүмдүн (мындан кийин УКТ) мүнөздөмөсү чоң мааниге ээ. Анткени УКТнын кылдаттык менен изилденүүсү, тергөөдө кылмышкерлердин аракеттерин божомолдоого, алардын куралуусунун жана иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктоого, кылмыштык топтордун криминалистикалык типтерин, алардын фукнционалдык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоого, кылмыштык топтогу лидердин ролун аныктоого, андагы орун алган конфликттердин маңызын түшүнүүгө мүмкүнчүлүк жаратат.

Изилдөөнүн биз тандаган багытына жана каралып жаткан аспектинин өзгөчөлүктөрүнө ылайык, биздин көз карашыбыз боюнча төмөнкү түзүмдөн баштоо максатка ылайыктуу болуп саналат: адам уурдоо менен алек болгон УКТнын социалдык демографиялык жана психологиялык мүнөздөмөсү; УКнун кылмыштык ниетине ылайык анын пайда болуусунун жана иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрү; адам уурдоо жасаган УКТнын тибинин криминологиялык криминалистикалык мүнөздөмөсү; адам уурдоо менен алек болгон УКТнын кылмшытык түзүмүнүн иштөөсүнүн жана психологиялык жагынын өзгөчөлүктөрү; УКТнын уюштуруучусунун тибинин өзгөчөлүктөрү, анын мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелердин айырмачылыгы.

Д.В. Ушатов мындай деп туура белгилейт: «... Адам уурдоо менен алек болгон УКТ – бул криминалдык авторитеттердин, коммерциялык түзүмдөрдүн же этникалык топтордун колдоосу астында ишмердүүлүк түрүндө кылмыштык иши үчүн курган иерархиялык курулган түзүм» [4, 29-б.].

УКТ үчүн мүнөздүү болуп анын курамынын туруктуулугу, биримдиги, анын кошо катышуучуларынын арасындагы ролдордун жана функциялардын бөлүнүүсү, анын баары адам уурдоону жасаган УКТга таандык.

Адам уурдаган уюшулгун түзүмдөр үчүн мүнөздүү болгон негиз салуучу элементтерге булар кирет: топтун уюштуруучусу (уюштуруучулары), аткаруучу, жашырууна тобу, шыкакчы, коргоочу, ошондой эле байланышчылар, көрсөтүүчү, багыт берүүчү жана куралдуу физикалык коргоонун башка түзүмдөрү. Ыкчам тергөө материалдары УКТга анын борбордук курулуусу, чалгындоо жана чалгындоого каршы аппараттын түзүлүүсү жана техникалык камсыздалуу каражаттарынын колдонуусу бар болгондугун тастыктайт [5, 11-б.].

Кээде УКТнын мүчөсү же конкреттүү УКТнын ядросун түзгөн коргоо фирмаларынын ишмердүүлүгүнө да маани берүү зарыл. Мындай топтор адам уурдоону жасап, буларга бөлүнөт: а) адам уурдоону гана жасаган УКТ; б) башка кылмыштар менен биргеликте адам уурдоону жасаган УКТ (мисалы, опузалап алуу, адам өлтүрүү, зордуктоо жана башкалар).

В.М. Быков мындай деп туура белгилейт: «...конкреттүү кылмыштык топто адамдын аракеттерин аныктаган мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө үчүн кылмыштык топтун куралуусунун жана иштөөсүнүн процесстеринин мыйзам ченемдүүлүктөрү тууралуу так түшүнүккө ээ болуу зарыл. Бул мыйзам ченемдүүлүктөрдү тактап гана кылмыштык топтун ар бир мүчөсүнүн максаттарын жана кызыкчылыктарын ачыктоого, анын критикалык моментте аракеттерин алдын ала аныктоого болот» [6, 13-б.].

Юридикалык адабияттарды изилдөө уурдоочулардын топтору ошондой эле, эреже катары, төмөнкү багыттар боюнча пайда болуусун көрсөттү: алардын мүчөлөрүнүн бир микрорайондо жашоосу, жалпы жумуш орду же окуу жайы, жалпы кызыкчылыктар, иши, убакыт өткөрүүсү, ага чейинки кылмыштык байланыштары же биргеликте жазасын өтөө, туугандык, улуттук байланыштар же жердешчилик. УКТнын башка мүчөлөрүн топко чакыруу топтун лидерлеринин демилгеси менен (эреже катары, белгилүү маселелерди чечүү үчүн жаңы кошо катышуучулар аларга зарыл), жана ошондой эле «жаңы мүчөлөрүнүн» демилгеси менен жеңил пайда көрүү максатында жасалат [6, 12-б.].

Кылмышкердин инсандыгынын белгилерин изилдөөдө тергөө аракеттеринин өндүрүшүндөгү мамилелерди куруу маанилүү ролду ойнойт жана бул тууралуу профессор К.А. Исаева мындай деп көрсөтөт: «...кылмыштын жасалуусунун фактынын өзү укук бузуучунун мыйзам менен, мамлекеттин жана коомдун

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



кызыкчылыктары менен болгон конфликтти түшүндүрөт. Кылмыштын тергелүүсү жана ачыкталуусу бузулган укуктун калыбына келүүсүнүн формаларынын бири болуп эсептелет. Бул ишти тергөөчү аткарат, жана дал ошол аны менен укук бузуучунун ортосунда конфликттик кырдаал орун алуусу мүмкүн. «Тергөөчүнүн ишмердүүлүгү бул негизинен адамдар менен иштөө, алар менен тергөөнүн жалпы маселелерин чечүүгө болгон араеттерди бириктирүү – бул ишмердүүлүктүн кээ бир катышуучуларынын индивидуалдык кызыкчылыктары, өзгөчө айыпталуучулардын жана шектелүүчүлөрдүн, көп учурда каршы багытка ээ болуусуна карабастан, чындыкты аныктоо» [7, 21-25-бб.].

Эмпирикалык маалыматтарды талдып чыгып, адам уурдоо менен алек болгон УКТнын лидери басымдуу бөлүктө башка адистиктердеги кылмыштык топтордун лидерлери үчүн мүнөздүү болгон социалдык психологиялык сыпаттар таандык болгондугун белгилеп кетүүгө болот. Алардын ичинен буларды белгилеп кетсе болот: жогорку уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөр, баарлашууга жакын болуу, авторитеттик, баш ийген кошо катышуучуларга болгон талап коюучулук, башка кошо катышуучуларды өзүн баш ийүүсүнө жетишүү, максатка багытталгандык, күчтүү эркке ээ, чечкиндүү, татаал кырдаалдарда чечим кабыл алууга жөндөмдүү, өч алгыч, дипломатияга ээ жана ошону менен биргеликте, кесипкөй түрдө адам уурдоо менен алек болгон УКТнын лидерлери үчүн жогорку билимдин бар болуусу мүнөздүү, бул дайыма жалпы жазык багыттага УКТнын лидерлерине таандык эмес.

Түрдүү булактардагы бар болгон маалыматтарды талдап чыгып, адам уурдоо менен алек болгон УКТ ошол мезгилдеги мурун иштеген күч түзүмдөрүнүн жана укук коргоо органдарынын, жана кылмыштык авторитеттердин ортосундагы «симбиоз» түзүп, тергөө органдары менен болгон үй бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы телефондук сүйлөшүүлөрдү угууну мүмкүнчүлүк жаратат, жана ошондой эле тергөө жана ыкчам аппараттардын коммуникация каражаттары менен берген маалыматтарына ээ.

УКТнын лидеринен сырткары анын активдүү кошо катышуучулары өзгөчө абалга ээ, анткени алар келечектеги жабырлануучуну издейт, жана, эреже катары, УКТнын уюштуруучусунун чоң ишенимине ээ, көп учурда анын пландары жана ниети тууралуу маалым, кылмыштык кирешенин чоң бөлүгүн анын экинчи даражадагы катышуучуларына салыштырганда алат. Уурдоону аткаруучунун ролуна мындай кылмыштык топтун төмөнкү сыпаттарына ээ болгон адамдар алынат: физикалык күчтүн бар болуусу, чечкиндүүлүк, натурасы боюнча катаал, күтүүсүз пайда болгон кырдаалда тез ориентациясын таба билген адамдар.

«Жашыруун» топтору төмөнкү талаптарга ылайык пайда болот: логикалык талдоого жакын болуу, кырдаалды муздак ой менен баалоо, кылмыштык ниетти ишке ашыруу үчүн күтүүсүз тоскоолдуктар пайда болгондо тез жана чечкиндүү аракеттерге даяр болуу, анын ичинде түрдүү куралдын арсеналын колдоно билүү.

Кыргыз Республикасы үчүн мүнөздүү болуп топтордун басымдуу бөлүгү эч жерде иштебеген адамдардан тургандыгы, алардын ичинен мурун спортсмен болгон, жана ошондой эле буга чейин соттолгон, ок атуучу куралдын арсеналына ээ болгондугу эсептелет, себеби өлкөдөгү 2005-жылда, 2010-жылдын апрелинде жана июнунда орун алган белгиүү саясий окуялар ага себепкер болду. УКТнын мүчөлөрү орун алган социалдык-экономикалык шарттарга көнө албай, баюунун жеңил жолуна түшүп, тактап айтканда адам уурдоо болгон пайдакечтик зомбулук кылмыштардын жолуна түшкөн.

Биз жүргүзгөн талдоо биринчи этапта УКТнын пайда болуусу орун алгандыгын, анын эреже катары жалпы кызыкчылыктар менен бириктирилгендигин, алардын кылмыштык тажрыйба, эски байланыштар, пайдакечтик, катаалдык жана башкалар байланыштыргандыгын көрсөттү. Ар бир кийинки кылмышты жасоодо алардын катаалдыгы, кылмыштык топтун чечкиндүүлүгү өсүп, УКТнын мүчөлөрүнүн негативдик сыпаттарынын, мүнөзүнүн бекемдөөсүнө маңыздуу түрдө максатка жетүүнүн каражаттарынын бири болгон алардын жабырлануучу менен болгон катаал мамилеси гана эмес, ошондой эле кошо катышуучулардын белгилүү бөлүгүндө коркуу сезиминин бар болуусу таасирин тийгизет, себеби жабырлануучуга болгон жеңил, жумшак мамиле кылуу топтун башка мүчөлөрү тарабынан колдоого алынбайт жана алар үчүн жагымсыз кесепеттерге алып келүүсү мүмкүн. Мындай топтор адам уурдоого чейин криминалдык «тажрыйбасына» башка кылмыштарды жасап, ээ болот, жана ошондой эле УКТнын уюштуруучулары жана мүчөлөрү ага чейин куралга ээ болуунун ыкмаларын билет (ок атуучу, саюучу), ыкчам иликтөө жана тергөө иштери менен тааныш (бул алардын укук коргоо органдарындагы, коргоо кызматындагы ишмердүүлүгү болуусу мүмкүн). УКТнын катышуусу менен болгон кылмыштар негиздүү даярдык, ойлонулгандык, жашыруундук менен айырмаланат, жана ошондой эле анын катышуучуларынын өздүнүн сыпаттарын мүнөздөйт. Бул болсо алардын тергелүүсүндөгү татаалдыктарга алып келет жана кошо катышууда жасалган адам уурдоонун коомдук кооптуулугун чоңойтот. Андан сырткары УКТ үчүн уюшулган

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



кылмыштык ишмердүүлүктүн интеллектуалдашуусунун жана кесипкөйлүгүнүн тенденциясы мүнөздүү, алар ошондой эле кылмышкерлердин агрессивдүүлүгүн жана оройлугун гана эмес, ошондой эле алардын уюшулуусунун жана техникалык камсыздалуусунун деңгээлинин жогорулагандыгын тастыктайт.

**Адабияттар:**

1. Усербаев М. Похищение человека (криминологические и уголовно-правовые аспекты): дис. ... канд. юрид. наук: 12.00.08 - Бишкек, 2015. – 176 с.
2. Исаева К.А., Маркабаев К.А. сущность и понятие криминалистической характеристики отдельного вида преступлений / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2011. № 10. - С. 30-33.
3. Isayeva K.A., Kalbayev A.T., Avgustkhan S.A., Alisherov A. The main prerequisites for forensic classification of assassinations in the CIS countries // В сборнике: Humanities and Social Sciences in Europe: Achievements and Perspectives 8th International symposium. 2015. - С. 136-146.
4. Ушатов Д.В. Методика расследования похищения человека, совершенного преступными группами: дис. …канд. юрид. наук: 12.00.09. - Волгоград, 2004. - 239 с.
5. Абдукаримова Н.Э. Уголовно-правовая и криминалистическая характеристика наркопреступлений, совершенных организованными преступными группами: автореф. дис. ... канд. юрид. наук: 12.00.08, 12.00.09. - Бишкек, 2011.- 26 с.
6. Быков В.М. Проблемы расследования групповых преступлений: автореф. дисс. ... д.ю.н.: 12.00.09 - М., 1992. - 29 с.
7. Исаева К.А. Теоретические аспекты “конфликтного следствия”. / Вестник КРСУ. 2012. Т. 12. № 12. С. 21-25.